ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

ведомстволор аралык Д.10.09.395 диссертациялык кеңеш

*Кол жазма укугунда*

УДК: 398.5(575.2) (043.3)

**МЫРЗАЖАНОВА ГҮЛЗАД БЕРДИБЕКОВНА**

# «КОКУЛ» БААТЫРДЫК ЖОМОГУНДАГЫ АРХАИКА-МИФОЛОГИЯЛЫК САЛТТУУЛУКТУН САКТАЛЫШЫ

Адистиги 10. 01. 09 – фольклористика

филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иштин

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

Бишкек – 2011

Диссертациялык иш КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун фольклордун тарыхы жана теориясы бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий жетекчи:** филология илимдеринин кандидаты **Кебекова Б.К.**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор **Тынысбек Аулбек Коңыратпай**

филология илимдеринин кандидаты, доцент **Абдыракунов Т.**

**Жетектөөчү мекеме**: И.Арабаев атындагы КМУнун Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты кафедрасы

Диссертация 2011-жылдын «_____»__________________саат «_____»дө Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине (тең уюштуруучу КР УИАнын Чыңгыз Айтматов атындагы тил жана адабият институтуна) караштуу түзүлгөн филололгия илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук илимий даражасын ыйгаруучу Д.10.09.395 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

**Дареги:** 720071, Бишкек шаары, Чүй проспекти 265 а

Диссертация менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2011-жылдын “_____” ______________________ таратылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
филология илимдеринин кандидаты Э.Сабитова

## Иштин жалпы мүнөздөмөсү

**Теманын актуалдуулугу.**

Эл көркөм мурасынын орчундуу бир бөлүгүн эпикалык чыгармалардын ичиндеги архаикалык баатырдык эпостор же баатырдык жомоктор түзөт. Ал эми эпикалык чыгарманын бирин өз алдынча иликтөө алкагына киргизип, конкреттүү фактылардын негизинде талдоого алып, таанып билүүчүлүк, жанрдык көркөмдүк өзгөчөлүгүн аныктоо, сөзсүз түрдө чыгарманын маани-мазмунун тереңдетүүгө шарт түзөт. Ушул себептен «Көкүл» баатырдык жомогун ар тараптан иликтөө муктаждыгы туулду. Анткени чыгарма - көп варианттуулукка көтөрүлгөн калк мурасы гана эмес, элдин руханий дүйнөсүнүн бийиктигин, көркөм кыялдануулардын тарыхын, өсүш жолун көрсөтүүдө да мааниси зор. Эпостун таанып-билүүчүлүк мааниси, көркөмдүк функциясы, калктын ой туюму, эстетикалык баамын реалдуу чагылыштыруусу чоң сөз кылууга арзыйт, али да окурмандардын ой сезимин козгойт.

Кыргыз элиндеги «Көкүл» жомогуна алгач көңүл бурган элдик оозеки чыгармаларды активдүү жыйноочу К.Мифтаков болгон. Ал «Көкүл» баатырдык жомогун жазып алуу менен, анын “Манаска” чейинки узак айтылып жүрсө керек деп болжолдойт. Айтуучулардын эскерүүлөрүнө, өз баамына жана жомоктогу мотивдерге таянып, «Көкүл» эң байыркы жомок деген жыйынтыкка келет. Ошондой эле «Көкүлдүн» көлөмдүүлүгүн, жазып алганы бештен бир бөлүгүн гана түзө тургандыгын эскерет.[1]

Айрым адабиятчылардын сөз арасында “Көкүлдү” учкай эскерип кеткендиги болбосо, ага илимий кадыресе көңүл бурулган эмес. Алгач илимий нукка фольклорист Б.Кебекова тарабынан түшкөн.[2] Ошондой эле “Көкүлдүн” басылып чыгышына карата ары кеңири, ары көлөмдүү баш сөзүндө чыгарманы дагы да тереңдете изилденишин шарттаган бир нече проблемаларга из салат.

Биз ишибизде “Көкүл” баатырдык жомогун ар тараптан комплекстүү түрдө изилдөө алкагына киргиздик. Тактап айтканда, баатырдык жомоктун алгачкы башат алган аймагын, салыштыруу ыкмасында бараба, тобол татарларынан катталышы менен кыргыз жомогун салыштырып, алардын окуялык биримдигин, жалпылыгын, өзгөчөлүгүн аныктоо, өсүш эволюциясына көз жүгүртүү; баатырдык жомоктун жанрдык алакасын белгилөөдө ири окумуштуулардын ойлорун иликтөөгө киргизип, иштин теориялык деңгээлин арттыруу, жез кемпир, алп кара куш өңдүү антроморфтуу айбандардын дүйнөлүк адабиятта алган ордун белгилөө, кыргыз фольклоруна таандык жекечелигине көңүл топтоо. Ушул максатта чыгарманын бардык варианттарындагы көөнө материалдарды салыштырып

---

[1] КР Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондусу (мындан ары фондунун инвертарь номери гана көрсөтүлөт). Инв.№244 (50). 124-125-б.

[2] Кебекова Б. “Көкүл” // Китепте: “Көкүл, Карач-Көкүл баяны” . “Эл адабияты” сериясы, 28-т. - Бишкек:Шам, 2003. Баш сөзү. 5-55-бб.

иликтөө маселеси коюлду.

**Изилдөөнүн негизги предметин** “Көкүл” чыгармасынын жөө жомоктук варианттары (бараба, тобол, “Мундуубай”, “Көчпөсбай” аталган жөө жомоктору) жана “Көкүл” баатырдык жомогу, ар кыл мүнөздөгү фольклордук материалдар түздү. Изилдөө аймагы чыгармадагы архаикалык окуя, мотивдердин, мифтик катмарлануу, каарман-кейипкерлердин сүрөттөлүшүндөгү салттуулукка, эпикалык формулалардын айланасына кеңири топтолду.

**Изилдөөнүн принциби** катары диссертациялык ишти жазууда салыштырма-тарыхый ыкма колдонулду.

**Изилдөөнүн булактарын жана методологиялык негизин** эпос, жомокторго байланыштуу жарыяланган илимий эмгектер, макалалар, диссертациялык иштер, энциклопедиялык маалыматтар, сөздүктөр, авторефераттар түздү. Ири окумуштуулар В.Я.Пропп, В.М.Жирмунский, Е.М.Мелетинский, С.С.Суразаков, Б.Н.Путиловдун эмгектериндеги эпикалык поэзия боюнча калыптанган илимий-теориялык башталмалар негизги таяныч болду. Кыргыз фольклорчу илимпоздору С.Кайыповдун “Төштүк” эпосунун мисалында эпикалык көркөм каражаттарга жүргүзгөн текстологиялык талдоолору, К.Садыковдун ушул эле эпостун сюжет-композициялык өзгөчөлүктөрү боюнча жазган илимий иши, Б.Кебекованын “Төштүктүн” кыргыз, казактарда айтылыш өзгөчөлүгү” делип жупуну аталып, иш мазмунунда түрк тилдүү элдердин фольклорундагы аналогиялык фактылардын чоң тобун камтыган изилдөөсү, “Төштүк” эпосунун маселелери тууралуу Ж.Субанбеков, Ж.Таштемиров, С.Закиров, Р.Сарыпбеков, М.Мукасов жана башка адистердин ой-пикирлери мазмуну, окуясы жагынан “Көкүлдөгү” айрым суроолордун, мазмундук, окуялык жагдайлардын башын ачууда көмөкчү болду.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери:**

Эпикалык чыгармалардын ичиндеги көөнө мезгилде жаралган түрк элдеринин тили гана эмес маданий, тарыхый жактан жакындыгын тааныткан бир нече версияда жана вариантта айтылган «Көкүл» чыгармасын изилдөө багытында комплекстүү талдоо жүргүзүү иштин негизги милдети деп эсептелди. Бул максатта иш алып баруу үчүн чыгарманын бардык варианттарындагы көөнө мотивдерди салыштырып иликтөө маселеси коюлду.

**Изилдөөнүн жаңычылдыгы.**

«Көкүл» илгертеден калк арасында белгилүү болуп, мурун кагазга түшсө да, эмнегедир жыйынтыктуу иликтөө алкагына кийин, тактап айтканда, 2000-жылдары гана кирди. Ошондуктан көп маселелердин башы толугу менен ачылды деп эсептөө кыйын. Иште жалпы эле баатырдык жомоктун жанрдык өзгөчөлүгү, жаралыш башаты, окуянын негизин жөө жомоктун түзгөндүгү көптөгөн факты материалдар менен далилденип, талдоо процессинен өттү. Ошондой эле түрк элдеринде “Көкүл” сыяктуу аналогиялык чыгармалар орун алышы кайсы бир деңгээлде тарых

жакындыгы, аймактык биримдиги менен тактала турганына көңүл бурулду. Ал эми чыгарма тектеш түрк тилдүү элдердин фольклорунда алган ордун белгилөөдө анын типологиялык жана генезистик башатына ой жүгүртүүгө жол ачмакчы. Иш ушундай жаңыча өңүттөгү ыкмалары менен айырмаланып турат. Нечен кылымдар өз жашоосун улантып келген жомоктун мазмуну мезгилдин жылышы менен унутулбастан, кайрадан эпикалык жаңы формага - дастанга айланышы, өсүү процессинде алгач башат болгон мотивдердин негизинен сакталышында жаңылануулардын орун алышы изилдөөнүн актуалдуу маселеси катарында каралды.

**Иштин илимий практикалык мааниси.**

Ар бир чыгарма өзүнүн кызыктуулугунан улам окурмандардын көңүл чордонун буруп келген. Натыйжада иликтөө алкагына алынган ар бир фольклордук объект кеңейип, жаңыланууга муктаж. Ошондуктан иште «Көкүлгө» кайрылып, аны тереңирээк ачып көрсөтүүгө аракеттенүү негизги максаттан. Ал эми өз алдынча жанрдык өзгөчөлүккө ээ болгон мындай эпикалык чыгармалардын тереңирээк изилдениши фольклористика илими үчүн маанилүү. Бул иш фольклорист-адабиятчы окумуштууларга, жогорку окуу жайларынын студенттерине, аспиранттарга, ошондой эле эпикалык чыгармаларга кызыккан окурмандарга көмөк көрсөтө алат деген ойдобуз. Изилдөөнүн жыйынтыктары, тыянактары «Көкүл» сыяктуу көп жанрда жашаган эпикалык чыгармаларды жаңыча өңүттөн карап, иликтөөгө негиз түзүп, кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындагы айрым маселелердин чечилишине кайсы бир деңгээлде түрткү болушу ыктымал.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.**

Кыргыз элинин рухий маданиятында феномен саналган “Манастан” баштап, кенже эпос жана элдик поэмаларды ар тараптуу иликтөө иштери күрдөөл жүргүзүлүп келди. Анын ичинде “Көкүл” да иликтөө алкагына кирип, бир топ толумдуу пикирлер айтылып, илимий нукка түшсө да, дагы да тереңдете изилдөө проблемасы күн тартибинен түшкөн жок. Ошондуктан диссертациялык иштин талабына ылайык “Көкүлдү” илимий талдоодон өткөрүп, төмөнкүдөй жаңы бүтүмдөрдү ортого салабыз:

«Көкүл» – “Эр Төштүк” сыяктуу эле мифологиялык-архаикалык катмарды сюжеттик тулкусуна батырып турган кыргыз эпикалык туундуларынын бири катары өз ордун алууга арзыйт;

«Көкүлдүн» жаралыш ареалы азыркы кыргыз аймагынын алкагында гана эмес, түндүктөгү тектеш элдердин тарыхый тагдырына, дүйнөсүнө тамырлаш экендиги далилденет;

«Көкүлдөгү» каармандардын жана кереметтүү кейипкерлердин мифтик теги, антропоморфтук касиеттери, окуя-мотивдериндеги архаикалык катмарлар салыштырма-типологиялык ыкмада ачылып берилет.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

«Көкүл» чыгармасынын жаралуу башатына, таралуу аймагына талдоо жүргүзүү;

«Көкүл» чыгармасынын кыргыздар менен тили, байыркы маданий

куруму, тарыхый тагдыры тектеш элдерде фольклордук чыгарма катарында орун алышынын негиздүүлүгүнүн мыйзамченемдүүлүгүн аныктоо;

«Көкүлдүн» кыргыз элинде айтылышын бараба, тобол татарларынан катталган версиялар менен салыштырып, өз ара жалпылыгы менен катар айырмачылыгын белгилөө;

эпостун эволюциялык өнүгүү жолун чечмелөө;

эпостун сюжеттик-мотивинин курулушун, каарман-кейипкерлердин образдык системасын ачуу;

салттык мотивдердин мезгил талабына ылайыкталып ар кыл багытта трансформацияланышын белгилөө;

варианттардагы салттык мотивдердин жалпылыгын талдоого алуу.

**Иштин апробациясы:**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңешинде, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз адабияты кафедрасынын кеңешмесинде талкуулардан өткөн. Изилдөөнүн натыйжалары республикалык, Эл аралык илимий-практикалык конференцияларда (2007-2010-жж.) баяндамалар жасалды. Иш боюнча 11 макала жарык көрдү.

**Иштин структурасы:** Диссертациялык иш киришүүдөн, эки бөлүмдөн, корутундудан жана адабияттардын тизмесинен турат.

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси аныкталып, изилдөөнүн максаты менен милдеттери такталды.

**Иштин биринчи бөлүмү** “Көкүл” жомогунун калыптанышы, өсүү эволюциясы” деп аталып, бир нече параграфтарга бөлүндү. Биринчи параграфта “Көкүл” жомогунун Минусин ойдуңунда жашаган бараба, тобол татарларында айтылышы жана кыргыз чыгармасы менен болгон жалпылыгы каралды. «Көкүл» жомогун салыштыруу жолу менен конкреттүү талдаганда В.В.Радлов[1] жазып алган Сибирь версиясы (тобол, түмөн татарларынын “Кара Кукул”, бараба татарларынын “Кара Кокол”) менен ортосундагы жалпылыктар менен окшоштуктар төмөнкүлөрдөн ачык байкалат. Жанрдык жагынан эки элде тең алгачкы башаты кереметтүү жомоктун үлгүсүн түзөт. Мазмундук, окуялык жагынан жалпылык: Көкүлдүн бир нече алптарды жеңип, баатырдык менен үйлөнүшү, алардын Көкүлдүн келатканын билип, атайылап тосуп чыгышы, оң каармандын жана минген атынын ар кандай түргө өткөн магиялык-кубулуучулук касиетке ээ болушу, Көкүлдүн Чачыкей (Чичан) аттуу жеңеси, Карач (Кеуч, Кауч) аталган агасы болуп, өргөдө түнөгөн аялы экөөнөн шек санаган Карачка таарынып, башы оогон жакка кетип калышы, ал жокто элин жоо чаап, агасын өлтүрүп, сандыкка салып, дайрага салып жиберип, мал-мүлкүн олжолоп алып кетиши; Көкүл Карачтын бир кырсыкка учураганын сезип, коломтого көөмп кеткен жеңесинин

---

[1] Радлов В.В. Образцы народной литературы северных-тюркских племен. Ч.4. - СПб. 1872. - С.65-70. – С.85-90.

катынан улам окуянын ал жайын билип, агасын тирилтип суудан чыгарып алып, Чачыкейди туткундан бошотушу, каарман, кейипкерлердин бирдей аталышы: Көкүл (Кара Көкөл, Кара Кукул) Чачыкей (Чичан), алптардын аттарынын аталышынын окшоштугу Кер-Кулун (Кулан Кулун), Карагай бойлуу Кара ат (Карагай бойлуу Кара ад), Коён-Боз (Коён-Пос) аталыштарынан көрүнөт.

В.В.Радлов жазып алууда материалдын кимдин айткандыгы жөнүндө маалымат берген эмес. Бирок ошол мезгилде кагазга түшкөн нуска менен чыгарманын азыркы турпатында да кыргыздын «Көкүл» баатырдык жомогу менен айрым генетикалык жалпылыктын орун алгандыгы ачык көзгө түшөт. Ал алгач Минусин ойдуңунда жашаган элдерден катталышы менен кыргыз чыгармасын салыштырып иликтөөдө биринчи иретте жанрдык жагынан биримдүүлүгү даана көрүнүп, экөө тең баштапкы турпатында кереметтүү жөө жомоктун архаикалык үлгүсүн түзөт. Ага мазмундук окшоштук, окуянын кереметтүү апыртуучулук жагдайда баяндалышы ачык күбө болот.

Ал эми чыгарманын көркөм сөз каражаттарында окшош формулалардын, архаикалык ыкма, салттуу мүнөздөмөлөрдүн орун алышы - кызыктуу факт. Мисалы, эки алптын кармашышынын сүрөттөлүшүн эле алалы: “тоо тозуп, тозоң болот, топурак сапырылып, күндүн көзүн туман каптап, бири-бирин көрө албай калат. Көкүл агасынын конушуна келсе, “жумшактан күл, катуудан таш калган болот”. Көкүлдүн Чоюн алпка жолугушун баяндоодо да кыргыз жомокторундагы салттуу мүнөздөмөлөргө дал келет. Ал эми Көкүлдүн Ташканды өлтүрүп, жеңесин куткарып алышы, “Төштүк” жөө жомогундагы окуяга дал келиши да кызыктуу. Ал эми жогорку фактылар кыргыз чыгармасы менен Сибирь элдеринин “Кара Кокол”, “Йир Түшлүк” кереметтүү жомогунун ортосундагы типологиялык гана эмес, генетикалык жалпылыктардын орун алгандыгын ачык аныктап турат. Бул жогоруда белгилегендей, ириде ал жомоктун каарман-кейипкерлерди мүнөздөөдөн ачык көрүнөт. Бирок азыркы турпатында Сибирь версиясынан кыргыздын «Көкүлү» бир топ алыстап кеткен. Эгерде бараба, тобол татарларында жөө жомок түрүндө айтылса, кыргыздарда жөө жомок түрүнөн баатырдык жомок-эпостук деңгээлге өсүп жеткен. “Көкүл” жомогун тобол, бараба татарларында айтылышы менен салыштырууда да кыргыздардын байыркы учурда жогорку элдер менен бир аймакта жашап, алардын турмуш-тиричилик шартынын, географиялык чөйрөсүнүн, этникалык түзүлүшүнүн, этнографиясынын, тилинин жакындыгы гана эмес, фольклордук традициясынын, мифтик көркөм ойлоосунун, каармандарды мүнөздөөдө салттуулуктун кеңири сакталышы менен ачык аныкталат.

Дегеле Түштүк Сибирь аймагында жашаган элдер менен кыргыз оозеки чыгармачылыгынын карым-катышы, байланышы ири советтик тарыхчы, фольклористтердин изилдөөлөрүндө белгиленген. Алсак, В.Радлов эпикалык поэзиянын жогорку эки элде учурашын кокустук көрүнүш эмес, алардын байыркы учурда территориялаш жашап, духовный карым-катнаш

түзүлүшүнүн дагы бир далилдүү фактысы катарында эсептеген.[1] Анткени тарыхый маалыматтар боюнча кыргыздардын 6-8-кылымда жашаган орду Минусин ойдуңу эсептелип,[2] хакас элинин этникалык составына өз алдынча группа болуп кирбегендендиги менен сагай, качин ири уруулардын арасында "кыргыз" аталган уруктун сакталып калышы көңүл бура турган факт.[3] Ал эми белгилүү этнограф Л.Потапов да кыргыздардын сибирдик татарлар менен тектештигин белгилейт.[4] Дегеле Түштүк Сибирь аймагында жашаган элдер менен кыргыз оозеки чыгармачылыгынын карым-катышы жогоруда белгилегендей, бирин-экин фактылар менен чектелбейт. Бул маселеге кыргыз фольклористтери Р.Кыдырбаева, Б.Кебекова, С.Мусаев, Э.Абдылдаев, Р.Сарыпбеков, А.Жайнакова, Т.Абдыракунов, Г.Орозова жана башкалардын изилдөө иштеринде орчундуу көңүл бөлүнгөн.

**Иштин биринчи бөлүмүндөгү** "Көкүл" жомогунун кыргыздарда айтылышы деген жалпы теманын астында жөө жомок, баатырдык жомок, дастан аталган бөлүмчөлөргө бөлүнүп, алардын жанрдык өзгөчөлүктөрү изилденди. "Көкүлдүн" жөө жомоктук нускалары "Муңдуубай" (1926-жылы Насирдин Ботой, Өмүраалы Маана уулдары тарабынан Тоң болушунан катталган) жана "Көчпөсбай" (1966-жылы Өзбеков Карынактан Жайыл районунан) жазылып алынган. Биринчи, экинчи катталышынын арасынан кырк жыл өткөндүгүнө карабастан, окуялары жагынан бири экинчисин толуктап турат. Экөөндө тең окуянын башатын туяксыз атанын тойго барып куубаш катарында кордолушу, ага ызаланып кемпирин жетелеп, жер-суу тайып, кыдырып кетиши сыяктуу архаикалык окуялар түзөт. Ал эми архаикалык окуялардын түрмөгү баатырдык жомоктун жанрдык табиятына ылайык апыртмалуу түрдө көркөм сүрөттөлүп, баяндоо ыкмасы, стилдик куруму жагынан калыптанган архаикалык катмарды түзөт. Жана да өз жанрдык мүмкүнчүлүгүнө ылайык социалдык-турмуштук, этнографиялык, диндик мамилелерди камтыйт.

"Көкүл төрөлдү" дегенде жез кемпирдин издеп чыгышы, болочок баатыр төрөлгөндө аты Кер Кулундун кошо туулушу, Көкүлдүн Боорукер ханга качышы, аттын магиялык касиеттери, жез кемпир менен Карачтын урушу эки вариантта тең орун алып, чыгарманын мазмундук системасында кызыктуу окуялардын тизмегин түзөт. Тоң вариантында Карачтын эрдигине басымдуу орун берилген. Экөөнө тең жөө жомоктук стиль басымдуулук кылып, окуя рифмалашкан кара сөз менен баяндалат. Ошондой эле эпостун алгачкы формасы катарында эсептелген баатырдык жомоктун белгилери жөө жомоктук вариантта да ачык сакталып калганын көрүүгө болот.

Көкүлдүн жер астындагы же көктөгү окуясы Тоң нускасынан орун албайт. Боорукердин хандыгын жоо чабышы, аны куткаруу окуясы да

[1] Радлов В.В. Образцы народной литературы северных-тюркских племен. Ч.5. - СПб.1885. Предисловие. – С. 2-3.
[2] История Киргизской ССР. В 2-х т. Т.I. - Фрунзе: Кыргызстан, 1968, - С. 121.
[3] Бернштам А.Н. Социально-экономический строй орхоно-енисейских тюрок 6-8 вв. - М.; Л.: Изд-во АН СССР,1946. - С. 167.
[4] Потапов Л.Т. Очерки по истории алтайцев. – М.; Л.; Изд-во АН СССР, 1953, - С. 153.

кыскарып калган. Айрыкча вариантын баш жагындагы баатырдык жомоктун стилине таандык кайталоолор, кайрылуулар, архаикалык мүнөздөмөлөр чыгарманын аягына келгенде көркөмдүгү төмөндөп да, кыскарып да калган.

Өзбек Карынакта негизги баатырдык окуя көктө өткөндүктөн, Алп кара куш окуясы орун албайт. Мында негизги окуя көктө өтүп, Көкүл бир ай көктө туруп, Боорукер ханга келип, атасын, эл журтун, үй бүлөсүн алптардын туткунунан бошотуп алат. Үч хандык кошулуп, Көкүлдү хан көтөрүшүндө окуя аяктайт. Бул вариант көркөм айтылышы менен айырмаланат. Мында салттуу окуялар, мүнөздөмөлөр арбын.

Жыйынтыктаганда, кыргыздарда кыска, үзүндү түрүндө айтылгандарын эсепке албаганда “Көкүл” жомогу вариант катарында “Муңдуубай”[1], “Көчпөсбай” [2] деген ат менен эки нускасы (1924-1927-жж., 1966-ж.) катталган. Чыгарманын эки катталышынын арасынан кырк жыл өтсө да, мазмуну, окуя түрмөгү, көркөмдүгү бөксөрбөй алгачкысындай колго тийиши, жомоктордун калктын көркөм табитинде кенен орун алгандыгын ачык аныктап турат. Жалпысынан чыгарманын баяндоо ыкмасында жөө жомоктун жанрдык белгилери сакталып, негизинен кара сөз түрүндө баяндалышына карап шарттуу түрдө гана жөө жомокко ыйгарса болчудай. Жалпы жонунан окуянын, каарман-кейипкерлердин мүнөздөлүшү, ырдык клишелердин, кайрылуулардын кеңири орун алышы “Муңдуубай”, “Көчпөсбай” жомокторун баатырдык-архаикалык эпостун алгачкы башаты катарында эсептөөгө негиз берет. Бул «Көкүлдүн» жогоруда аталган варианттарында баатырдык архаикалык эпоско таандык жанрдык белгилердин, өзгөчөлүктөрдүн кеңири орун алгандыгы менен толук аныкталат. Кыскасы, «Көкүлдүн» жөө жомок аталган нускалары баатырдык эпостун мазмундук өзөгүнөн алыстаган эмес, окуя, каарман, образдарынан баштап, көркөм ыкма, каражаттарына чейин алгачкы архаикалуулукту сактап калгандыгы кызыктуу факт. Албетте, чыгарманын өсүү жолунда жомокчу-айтуучулар, сөзмөр адамдар да ага чыгармачылык менен мамиле кылып, кереметтүү жомоктогу салттуулукту, жанрдык өзгөчөлүктөрдү жомоктун турпатына сиңирип, калктын байыркы көркөм мурасынан болгон “Көкүлдүн” сакталышына өбөлгө түзгөндүгү ачык.

**“Көкүлдүн” баатырдык жомок нускасын** 1923-жылы К.Мифтаков Таластан Ырысаалы Бээрман уулунан жазып алган.[3] Бул вариант толук түрдө ырдык формага түшүшү менен жогоруда талдоого алынган жомоктордон айырмаланып турат. Тактап айтканда, Ы.Бээрмандын варианты мазмуну, окуясы, ыр курулушу, каарман-кейипкерлери, салттуу көркөм ыкма каражаттары жана жанрдык жагынан баатырдык жомоктун жүгүн толук көтөрүп, эпостун байыркы үлгүсүн түзүп турат. Айтуудабы, жазып алуу учурундабы, айрым мүчүлүштөрдүн орун алгандыгына карабастан ушул

---

[1] Инв. № 195 (2). Бул вариант 1975-жылы Кыргыз эл жомокторуна басылып чыккан.
[2] Инв. № 5173, №2-3 дептерлер.
[3] Инв. 244 (50).

турпатында да баатырдык жомоктун үлгүсүн түзүп, окумуштуулар тарабынан айтылган теориялык жоболорго шайкеш келип турат. Алсак, Е.М.Мелетинский мындай типтеги жомокторду В.Я.Пропптун “догосударственный эпос” аташын, В.М. Жирмунскийдин аларга карата “богатырская сказка” деген терминдин колдонушун туура деп эсептейт. Монгол эпосторун изилдеген С.Ю.Неклюдов да архаикалык эпостордун “неисторичен” экендигин белгилейт.[1] Эвен элинин архаикалык эпосторун изилдеген Ж.Н.Лебедева[2] алгачкы эпосторго мифтин чагылышын, алардын кара сөз менен ыр аралаш айтыларын көрсөтсө, алтай элинин эпосторун изилдеген С.С.Суразаков[3] окуянын ыр жана кара сөз менен баяндалышын алгачкы эпостордун жанрдык өзгөчөлүгү катарында эсептейт. В.Я.Гусев[4] эпостун баштапкы түрүн “мифологиялык ыр”, жанрдык формасын “песня-сказ” десе, “Манас” изилдөөчү Э.Абдылдаев: “Ар кандай элдин баатырдык традициясы баатырдык жомоктон башталат. Баатырдык жомоктор болсо эч кандай тарыхый окуяны же тарыхый адамдын аракетинин поэтикалык чагылышы эмес. Ал белгилүү бир доордун продуктусу”, - дейт.[5] Жогоруда окумуштуулар тарабынан айтылган ой-пикирлер “Көкүлдүн” өзүнөн орун алган фактылар менен да аныкталат. Чыгарманын башатын калктын байыркы уруулук доордогу жаратылыштын сырларын ачууга болгон иш аракети, баатырдык күрөшү түзөт. Стилдик курумунун өзгөчөлүгү да жомоктун архаикалуулугун аныктап турат. Бардык окуянын Көкүл, Төштүк сыяктуу оң каармандын баатырдык күрөшүнүн тегерегине топтолушун карап, баатырдык жомок аташ чыгарманын жанрдык өзгөчөлүгүнө төп келет.

Ал эми адамзат коомунда тарыхый окуялар доорго жараша болуп, адамдарга ар башка таасир калтырат. Ар бир доордогу турмуш чындыгына болгон адамдардын көркөм түшүнүгү да башкача, ага карата чагылдыруу ыкмасы да башкача болгондуктан, баатырдык жомокто тарыхый доордун мүнөзү жомоктук-мифологиялык маанайда чагылдырылган. Мындай эпикалык чыгармалардын образдар системасын, салттуу мазмундук линиясын анализге алууда негизинен эч бир тарыхый окуяга байланышпагандыгына күбө болдук.

“Көкүл” баатырдык жомогу конкреттүү иликтөөгө алганда, биринчиден, мифологиянын системалык курумунда калыптанып, анын негизинде тыгыз байланышта өсүп-өнүгөт. Экинчиден, «Көкүл» негизинен төрт туруктуу – салттуу линиядан куралган: ал болочок баатырдын кереметтүү жагдайда төрөлүшү, мифологиялык кейипкерлер (жез кемпир, алп-дөө, антропоморфтуу жырткыч айбандар) менен күрөшү, жер астына түшүшү, же көккө чыгышы, ар кандай тоскоолдуктарды, укмуштуу алп-дөөлөрдү жеңип, баатырдык менен үйлөнүшү, акыры эли, жерине келип, ал жокто бүлгүнгө түшкөн калкты душмандан куткарып, бейкутчулукта жашап калышы.

[1] Неклюдов С.Н. Героический эпос монголских народов. – М.:Наука, 1984. - С. 81
[2] Лебедева Ж.Н. Архаический эпос эвенов. - Новосибирск: Наука, 1981. - С.58.
[3] Суразаков С.С. Из глубины веков. – Горно-Алтайск: Алт. кн. Изд-во, 1982. - С.10-20.
[4] Гусев В.Е. Эстетика фольклора. – Л.:Наука, 1967. – С.132.
[5] Мамытбеков З., Абдылдаев Э. “Манас” эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери. – Фрунзе:Илим, 1966. 21-б.

Мындай туруктуу линия башка элдердин баатырдык жомоктору, эпостору үчүн да салттуу болуп саналат.

Чыгарма негизинен жөө жомоктун мазмунуна, структурасына өтө жакын болуп, айтылышы жагынан жөө жомоктой көрүнсө да, андагы мотивдердин орун алышы, окуялардын берилиши, каармандардын мүнөздөлүшү архаикалык жана мифологиялык салттуулуктун чегинде болуп, баатырдык жомоктун жанрдык белгилерин көбүрөөк камтыйт. Бул ар бир чыгарманын жалпы жободон сырткары өз өзгөчөлүгү менен түзүлгөндүгүн ачык айкындап турат.

**“Көкүлдүн” дастандык вариантында** анын көркөмдүк наркы жана автордук индивидуалдуулуктун орун алышы, стилдик өзгөчөлүгү талдоого алынды. «Көкүлдүн» дастандык вариантын 1968-жылы Досу Ташматов Тил, адабият институтунун фондусуна өзү жазып тапшырган.[1] Айтуучу чыгарманы дастан атайт. Толук ыр формасына түшкөн. 1975-жылы “Карач-Көкүл баяны” аталып, С.Закировдун кыскача баш сөзү менен П.Ирисовдун түзүүсүндө басылып чыккан. Дастан көлөмдүү. “Карач-Көкүл баяны” жомоктун алгачкы мазмундук алкагында архаикалык окуялардын негизинде жаралып, жаңы формага өткөн эпикалык чыгарма.

“Карач-Көкүл баянында” негизинен салттуу окуялар, мотивдер сакталган. Ал окуялар композициялык бир бүтүндүктү түзүп, чыгарманын идеялык мазмунун толук чагылдырып турат. Айтуучунун айрым алымча-кошумчалары дастандын өзгөчөлүгүн түзүү менен жомоктук варианттарынан белгилүү деңгээлде айырмаланат. «Көкүлдүн» дастандык вариантында баатырдык жомоктук же жөө жомоктук нускаларына караганда турмуштук окуялар басымдуулук кылат. Айтуучу оозеки чыгармачылыктын эрежелеринен алыстабай, өзөктүү окуяларга кошумча киргизүү менен, салттуу эпизоддордун бирдей мотивде болушуна аракет кылган. Бул болсо айтуучунун дастандагы фольклордук салттулукту нарк тутушу болуп саналат. Ошондуктан дастанда жез кемпирдин окуясы, Карачтын окуясы, баатырдын жер астына түшүшү, үйлөнүшү жана башка салттуу эпизоддордун сакталышына көңүл бурулган.

Архаикалык окуялардын нугунда түзүлгөн дастанда Кер Кулун, Кедеңбай, Карач, Көкүл, Кара Кан, жез кемпир, Жезбилек, Жыламыш сыяктуу архаикалык каарман-персонаждар алгачкы эле мүнөздөмөлөрүн сактаган. Байыркы жомокторго таандык жанрдык белгилер мында да кездешет. Айтуучу дастанда фольклордогу баласыздык жөнүндөгү туруктуу мотивди сактаганы менен баяндоо манерасы, стили баатырдык жомоктукунан айырмалуу, апыртуу-гипербола аз өлчөмдө колдонулат. Баатырдык жомокко таандык салттуулук ар дайым сактала бербейт. Окуясы баатырдык болгону менен стили турмуштук поэманыкына жакын

Дастанда баатырдын төрөлүшү, ага аттын коюлушу, болочок баатырдын атынын өзү менен кошо туулушу, жез кемпирдин өпкө болуп сууда агып келип, баланы берүүгө мажбурлашы, Көкүлдү Караканга качырышы

[1] Инв. №5181. 1-279-беттер.

жомоктун өзөгүндөгү алгачкы салттуу окуядан. Бирок айтуучу окуяларга өз баамдоосун кошот. Дастанда Көкүлдүн үйлөнүшү жомоктук салттуу окуялардан башкача берилген. Дастанга кат формасы кирет. Ал эми Көкүлдүн жер үстүнө кайтышынын алп кара кушка байланыштуу баяндалышы айтуучунун жомоктогу салттуулукту бузбай сакташы экендиги болуп саналат. Жер астынан кайткан баатырга той берилиши менен чыгарма аяктайт.

Чыгарма бекеринен дастан же баян аталган эмес, жанрга ылайыктуу реалдуулукка жакындатуу максатында айрым кошумча окуялар орун алат. Стилдик жагынан жаңыланган жер-суу аттары берилген. Бирок мындай жаңылануулардын орун таппай калган учурлары да байкалат.

Кыскасы, дастан мифологиялык баатырдык жомоктун мазмундук нугунда түзүлсө да, автордук жекечилик кеңири сакталган. Жалпы наркы боюнча дастандык чыгарма өз максатына жетип, кыргыздарда эпикалык чыгарманын нугунун өчпөгөндүгүн ачык аныктаган.

**Иштин экинчи бөлүмү** "“Көкүл” жомогундагы салттуу архаикалык окуялардын, мифологиялык кейипкерлердин баяндалыш өзгөчөлүгү” аталып, өз ара параграфтарга бөлүнүп кенен талдоого алынды. В.Жирмунский баатырдык жомоктогу баатырлардын узак убакыттан кийин кереметтүү жагдайда жарык дүйнөгө келиш мотиви Орто Азия жана жакынкы чыгыш элдеринин фольклорунда жыш учурай тургандыгын анын фольклордун тарыхында байыркы мотивдерден экендигин баса белгилеген.[1] Баатырдык жомоктордун дээрлик бардыгында баатырлардын төрөлүшү, баласыз атанын кордолушу ачык мүнөздөмөгө ээ болгон, «Көкүлдүн» бардык варианттарынын башталышында туяксыз катарында кордолуп, «какбаш» аталган атанын ызасына чыдабай, кемпирин жетелеп бала тилеп, жер-суу тайып, мазар кыдырып кетиши, түшүндө белгисиз бирөөнүн таштап кеткен “аяктай ак алмасын”, “көнөктөй көк алмасын” жегенден кийин бойго бүтүшү сыяктуу архаикалык окуяларды камтыйт.

Керемет бойго бүтүүнүн мындай өзгөчөлүгү бир эле кыргыз элинин баатырдык жомоктору үчүн мүнөздүү эмес. В.М.Жирмунский алмадан бойго бүтүү мотиви чыгыш, түрк, перси элинин баатырдык жомокторундагы туруктуу мотив экендигин белгилейт.[2]

Керемет бойго бүткөн баатыр керемет төрөлүүнү шарттап, ичте жатып үн салат. “Муңдуубайда” жана «Көкүлдүн» баатырдык жомок вариантында бала ичте жатып сүйлөйт. Керемет төрөлүүдөгү мындай мотивди татар элинин эпикалык чыгармаларын изилдеген Ф.И.Урманчеев эпикалык чыгармаларда миңдеген жылдардан бери келе жаткан байыркы мотив катары карайт.[3]

Төрөлгөн балага ат коюу шаан-шөкөтү дагы архаикалык окуя. Баатырга ат коюлушу да жомоктогу архаикалык мотивди камтып, анын

[1] Жирмунский В.Я. Сказание об Алпамыше и богатырская сказка. - М.: Изд-во вост. лит., 1960. - С.164.
[2] Жогорку эмгекте. 170-б.
[3] Урманчеев Ф.И. Эпические сказания татарского народа. – Казань: Изд-во Казан. ун-та, 1981. - С.39.

көркөмдүүлүгүн арттырган. Айрым баатырдык жомоктордо балага атты Кызыр-Аалы берет. Бул болсо байыркы архаикалык мотивдин трансформацияланышы менен аныкталат. Кыргыз элинин жомокторундагы баатырга аттын коюлушун В.Жирмунский алтай, монгол-бурят жана якуттардын фольклорунда да окшош архаикалык мотивдерден болуп, Орто Азия жана чыгыш мусулман элдеринин салтында байыркы магиялык түшүнүк экендигин белгилөө менен, жомоктогу "алтын көкүл" ("золотой хохол") каарман үчүн ыйык колдоочулук касиетке ээлигин түрк элдеринин баатырдык жомокторунан орун алган бир канча фактылардын негизинде тастыктаган.[1]

Көкүлдүн туулганына үч күн боло электе, аты жөнү коюла электе, Кер Кулунга минип, жез кемпирден качышы, оң каармандын тездик менен чоңойгондугун, анын баатырдык жомоктордогу баатырлардын тездик менен чоңоюу мотивине дал келет. Баатырдын керемет менен төрөлүшүндөгү реинкарнация түшүнүгү баланын тез өсүү мотивине шайкеш. Мындай мотивдердин түпкү теги уруулук мезгилиндеги ишенимдер, түшүнүктөр менен байланышкан. Ал эми баатырдын кереметтүү төрөлүшүнүн бир канча элдердин фольклорунан орун алышы анын архаика-мифологиялык мотив экендигинин күбөсү.

Кереметтүү бойго бүтүүнү ритуалдык, символдук жактан алганда бир гана мөмөнүн (алманын) таасиринен эле эмес, бир нече табийгаттын стихиялуу күчтөрүнүн таасиринен келип чыккандыгын айрым элдердин, же уруулардын келип чыгышы жөнүндө айтылган уламыштар, санжыралар маалымат берет. "Көкүлдө" болочок баатырдын алманы жегенден кийин касиеттүү жагдайда бойго бүтүшү чыгармада архаикалык-мифологиялык катмардан болуп, жомоктун көркөмдүгүн арттыруу максатын көздөйт.

**Экинчи параграф** "Баатырдын үйлөнүшүндөгү архаикалык салттуу окуялардын "Көкүлдө" чагылыш өзгөчөлүгү" деп аталып, баатырдык менен үйлөнүүнүн формалары, салттуу архаикалык окуялардын сакталышы жомоктун бардык варианттарынын негизинде иликтөөгө алынды. "Көкүлдөгү" негизги окуялардын бири-үйлөнүү мотиви. Бул окуянын чыгарманын мазмундук өзөгүнөн орун алышы анын көркөмдүк деңгээлин көтөрүүдө өз салымын кошот. Ал эми окуянын көп тармактуулугу, архаикалык белгилердин кеңири сакталышы, мифологиялык мүнөздөгү каарман-кейипкерлердин арбындыгы жомоктун өңүтүн кеңейтип, кызыктуулугун арттырат. Баатырдык архаикалык жомоктордо адамдардын үй-бүлө курууга болгон аракети урууучулук түзүлүштүн түшүнүк, көз карашына ылайыкталып, турмуш чындыгы мифологиянын тутумунда баяндалат. Оң каармандын бардык иш аракетине, баатырдык күрөшүнө тике байланышкандыктан "баатырдык үйлөнүү" атоо кеңири колдонулуп жүрөт. Буга "Көкүлдөгү" элдик баатырдын үйлөнүшү ачык күбө. Ал көптөгөн кыянат күчтөрдү жеңет. Эпосто үйлөнүүнүн көп никелүүлүк системасы орун алат. Баатырдык жомоктордо үйлөнүү апыртмалуу көркөм сүрөттөлүп, анда

[1] Жогорку эмгекте.195-217-бб.

бекем салттуулук сакталат. Болочок күйөө оор сыноолордон өтөт. Ал: жөө жарыш, балбан күрөш ж.б. мөөрөйлөр менен коштолот. Ал эми баатырдын өздөрүнө жар издеп алыс сапарга чыгышы коомдун белгилүү бир баскычында никенин экзогамиялык формасынын кеңири орун алышын күбөлөп турат. Бул кыргыздын баатырдык эпосторунда өзүнүн алгачкылыгын бекем сактап калгандыгы менен айырмаланат. Ал эми никелешүүнүн экзогамиялык формасы социалдык катнаштарды кеңейтүүдө гана эмес, архаикалык жана этнографиялык көз караштан алганда, уруулар ортосундагы никелик мамилелердин баштапкы формасы болуп эсептелген.[1]

Үйлөнүүдөгү баатырдык жомоктордо кеңири орун алган байыркы форманын бири - атаандаш күйөөлөрдүн ортосундагы күрөш. “Көкүл” чыгармасында Көкүл Көр Калдай, Ак, Кара, Кызыл, Көк дөөлөрдү, Куланчы мергенди жеңип, күйөөлүк укукка ээ болот. Үйлөнүүнүн дагы бир формасы кыз атасынын ар кандай кыйын мөрөйлүк (ат жарыштыруу, жөө күрөш, жамбы атуу, айбандар менен күч сынашуу, барган адам кайтпаган Ит-Ичпестин Ала көлүнөн мифологиялык кырк кулактуу казанды алып чыгуу ж.б.) аткарып сындан өтүп, өзүнө жар тандашы. Баатырдык үйлөнүүдөгү бул сыяктуу архаикалык салттуу окуялар негизинен кыргыз эпосторунун дээрлик бардыгында орун алып, баяндоодо жанрдык өзгөчөлүктөрдү, апыртуу ыкмасын сактап калгандыгы ачык байкалат. Баатырдык жомоктогу эски мотивдердин бири баатырга жар болуучу кыздардын ар кандай түргө түшүп өзгөрүп келип, азгырып кетиши, баатырдын таз кейпин кийип кубулушу. Адабиятчы Ж.Субанбеков баатырдын таз кейпине түшүшү алтай, хакас, якут, монгол жомокторунда, баатырдык эпосторунда кеңири орун алган байыркы мотивден экендигин белгилейт.[2] Түрк-монгол баатырдык жомокторунда баатырдык үйлөнүүнүн жалпы окшоштугу, өзүнүн мүнөзү, архаикалык байыркылыгы алардын бир учурдагы тарыхый жакындыгы жана бир булактуулугу менен белгиленет. Ошондой эле Көкүлдүн баатырдык менен үйлөнүшү, башкача айтканда, оң каармандын күч жагынан сыналышы архаикалык окуянын катмарын түзүп, баатырдык жомоктун жанрдык табиятына шайкеш. Албетте, баатырдык менен үйлөнүүнүн архаикалык формалары, никелешүүнүн шарттары өз мезгилинде баатырлардын күчүнө, алптыгына карата негизделип чечилсе, мезгилдин өзгөрүшү менен шартка ылайыктуу үйлөнүү формасы да өзгөрүүгө дуушар болгон.

**Үчүнчү параграфта** аалам мейкиндигинин «Көкүлдө» чагылышы жана мифтеги орду төмөнкүдөй талданды. «Көкүлдүн» негизги өзөгүн архаикалык-мифологиялык катмар түзүп, окуясы жер үстүндө, көктө же жер астында да өтөт. Элдик баатырдын жер астына түшүп, ар кандай кыянатчы күчтөрдү, тоскоолдуктарды (жез кемпир, дөө, алп, кара ниет хан, антроморфтуу айбандар) жеңип, эрдик менен үйлөнүп, жер үстүнө кайтышы кыргыздын баатырдык жомоктору үчүн мүнөздүү.

---

[1] Маркс К., Энгельс Ф. Сочинение 2-ое изд. –Т.21. - М.: Госполиздат, 1961. - С.53.
[2] Субанбеков Ж.Кыргыз элинин баатырдык эпостору. – Фрунзе: Мектеп, 1970. 52-б.

«Көкүлдөгү» архаика-мифологиялык катмар үч дүйнөдөгү жашоонун таанылышы болуп саналат. Ааламды мындай бөлүштүрүү өзгөчөлүгү шамандык түшүнүктүн негизинде, космологиялык концепциянын таасиринде дүйнөдөгү жашоонун үч зонада таанылышы теңирчиликке ишенүү идеясынын орун алышын шарттайт. Жер - ортоңку дүйнө. Бул дагы сакралдык аалам. Жер байыркы түрк элдеринин мифологиялык семантикасында Мекен катары кабыл алынат. Ал - элдердин жашоо турагы. Жер - жомоктордо чексиз, анын аягына жетиш мүмкүн эмес, ошондуктан жомоктогу баатырлар темирден өтүк кийип, ал жыртылганча кыдырып аягына чыга албайт. Акырында алар жердин бүткөн чегин жердин асты же көк деп ойлоо менен чектелишкен.

Байыркы адамдардын түшүнүгүндө жөө жомок, архаикалык эпостордо орун алган мифологиялык топоним Чынар терек дагы өзүнчө ааламдын модели болуп каралган. Дүйнөлүк дарак, түркүк, дүйнөлүк тоо мазмуну - аалам менен адамды байланыштыруучу звено.

Чынар терек - дүйнөнүн вертикалдуу модели. «Көкүл» жомогунда берилген байтерек - Алп кара куш турак кылган жай. Ал жер асты, үстүнүн чегинде орун алган Чынар терекке алп кара куш уя салат. Ошондуктан Чынар терек - «Көкүлгө» жөн эле кирген архаика-мифологиялык эпизод эмес. Дүйнөлүк мифологияда көк менен жер бир бүтүндүк катарында каралган.[1] Ал эми көктүн ата, жердин эне катарында эсептелиши шамандык түшүнүктүн алкагында Теңир ата, Умай эне делип, бүгүнкү күндө да колдонулуп келет. Көк менен жердин бириктүүлүгүн тааныган көз караш дүйнө элдеринин көпчүлүгүнүн мифтеринен орун алат.

Корутундулап айтканда, эпос, жомоктордо жер астындагы окуялардын берилишин мифологиянын көрөңгөсү деп эсептесе болот. Ал бүтүндөй элдерде үч дүйнөнүн жалпы мифологиялык модели болуп элестетилет. Эгерде ортоңку дүйнөдө элдер жашаса, астыңкы дүйнөдө хтоникалык жандыктар жашашат. Алардын жашоо жагдайы жер үстүндөгү жашоодон өзгөчөлөнө бербейт. Ареалдуу дүйнө - алгачкы адамдар үчүн чыныгы дүйнө. М.Элиаде адам өлгөндөн кийинки жашоо өзгөчө баатыр жоокер үчүн жер астында же көктө деле уланарын белгилеген.[2]

Жогорудагы көз караштар аалам мейкиндигинин катмарлык түшүнүгү миф сюжеттеринен баатырдык жомок сюжеттерине өтүшү анын көркөмдүгүн гана арттырбастан, жомоктун жаралуу мезгилинин байыркылыгын аныктап, баатырдык жомоктордун башка жомоктордон айырмалап турган өзгөчөлүгүн, ордун ачык белгилейт.

**Төртүнчү параграфта** мифологиялык каармандардын жомокто орун алышында жез кемпирдин жомокто аткарган кызматы, анын чыгарманын мазмундук өзөгүндө байыркылыгы аныкталды. Жердин асты-үстүн чалган желмогуз кемпирдин жомокко кириши менен «Көкүлдүн» окуясы башат

[1] Мифологический словарь. /Подред. Е.М.Мелетинского. – М.:Сов.энцик.,1991. – С. 661.
[2] Элиаде М., Кулиано И. Словарь религий, обрядов и верований. - М.; СПб.: Рудомино: Университет. кн., 1997. - С.319.

алат. Дегеле желмогуз түрк, монгол жана славян ж.б. элдердин жомокторунда ар түрдүү аталышта, ар кыл иш аракеттер менен катышат. Мунун ичинде кыргыз, казак элдеринде аталышы гана эмес, жомокто кейипкердик өзгөчөлүгү жагынан да окшош.

«Көкүлдүн» бардык варианттарында (Сибирь версиясында орун албайт) желмогуз кемпир туруктуу формада өпкө болуп кубулуп суу менен агып келет. Жомокто жез кемпирге "казандай болгон кара өпкө" деген мүнөздөмөнүн берилиши кейипкердин түрү шумдуктуулугунан кабар берет. Б.Кебекова "Көкүл" эпосунун жана кийин жазылып алынган "Көчпөсбай" жөө жомогунун ортосундагы мезгил аралыгына карабастан Көчпөсбай менен жез кемпирдин диалогундагы текстуалдуулук жалпылыктын кадим күнү-бүгүнкүдөй сакталышын белгилөө менен айрым салттуу окуялардын гана эмес, көркөм мүнөздөмөлөрдүн да муундан-муунга, айтуучудан-айтуучуга өтүп туруктуу клише катарында калыптангандыгынын фактысы, чыгарманын байыркылыгы катары эсептейт.[1]

Кыскасы, атанын жез кемпирге жолугуш окуясы гана эмес, баяндоо ыкмасы, ырдык түзүлүшү боюнча архаикалык катмарды түзөт. Анын баяндалышы көркөм сөздүн табиятына ылайык окуянын кызыктуулугун арттырууда, көркөмдүк деңгээлин көтөрүүдө зор роль ойнойт. Бул эпизод ар көлөмдө (биринде чакан, биринде узун) баяндалганына карабастан, бардык варианттан орун алып, башатынын бирдиги стилдик курумунан да ачык байкалат. Көкүлдүн жез кемпирден качып, Карачтын колуна түшүшү, Карачтын жез кемпир менен урушу алгачкы окуядан болуп, бардык вариантта орун алып баяндоо ыкмалары жагынан айырмаланат.

Желмогуздун өлүшү менен окуя аякталса да, Ырысаалы Бээрман уулунун жана Өзбеков Карынактын нускасында Бозбармактын кызы Жезбилектин Карач менен кармашышы, анын чачынын магиялык касиети, алптык күчү, кыздын ажал табышы бир топ көркөм баяндалат. Тоң вариантында бул эпизод орун албайт, унутулуп калышы да мүмкүн.

Жез кемпирдин образы коомдун жылышында өзүнүн алгачкы мүнөздөмөсүнөн алыстап, жамандыктын башталышын алып жүргөн кыянатчы мастан кемпирге, социалдык типке айланган.

**Бешинчи параграфта аттын жомоктогу орду талданат.** Негизинен баатырдык жомоктордо баатырдын атына да кеңири орун берилип, кандайдыр бир деңгээлде мифологиялык кейипкер катарында мүнөздөлөт. Жомокто Көкүлдүн аты антропоморфтуу сапаттарга ээ. Ал өзүнүн буудандыгы менен бирге керемет ат болуп, баатырдын күрөшүндө жардам берип, ээсинин алсыз абалында кармашка түшүп, жеңишке жеткирет, аны колдойт, коргойт. Баатырдык жомоктордо жана архаикалык эпостордо аттар айрым учурда баатырдан да жогору коюлган. Элдик эпикалык чыгармалардагы кереметтүү мифологиялык тулпарлардын башаты Сибирдеги түрк, монгол эпосторунда да чагылдырылган. Фольклористика боюнча ири адис Р.З.Кыдырбаева тулпардын алгачкы образдары якут

[1] "Эл адабияты" сериясы", 28-т. - 22-б.

олонхолорунда да кездешерин жана алардын үлгүлөрү алтай, кыргыз элдеринде да орун алгандыгын белгилейт.[1]

Мифологиялык мүнөздөгү керемет аттардын баатыр менен болгон ажырагыс бир бүтүмдүүлүгү - эң байыркы калыптанган формула. Ал эми баатыр менен тулпардын мезгилдештигин белгилеген архаикалык катмар алардын эмчектеш бир туугандык жакындыкта болушун шарттайт. Бул Тоң вариантында Муздак-Төргө качып барып "таш төшөнүп" жаткан Кер бээни "жети кат ак кийизге туудуруп", "кара уузун Кер Кулунга эмизип, сары уузун Көкүлгө күл азык кыл" деп Көкүлдү качырарда Кедендин Мундуубайга берген кеңешинде ачык чагылдырылган. Р.Липец ат менен баатырдын образдык биримдигин бир нече жомок, эпостордун мисалында карап, анын негизинде байыркы культтук түшүнүк жаткандыгын белгилейт. Ошондой эле архаикалык варианттарда ат менен ээси жашташ гана болбостон, айрым учурда эмчектеш бир туугандар катарында саналарын айтат.[2] Демек, Көкүл менен Кер Кулундун эмчектештиги эпостогу архаикалык катмардан болуп, түрк-монгол, алтай элдеринин эпосторунда мындай мотивдердин орун алышы аны ачык далилдеп турат.

Көкүл сыяктуу эпикалык биографияга ээ болуу үчүн Кер Кулунга да энчилүү аттын берилиши зарыл. Чындыгында, атка энчилүү ат берүү - эң маанилүү. Кер деген сөздүн Көкүлдүн атына коштолуп берилиши жөн жай эмес. Бул да жогорку сапатты билдирген сөз болуп саналат. К. Юдахин "Кыргызча-орусча", "Орусча-кыргызча сөздүгүндө" кер деген сөздүн маанисин "мастистый" - жакшы түстөгү жылкы деп чечмелейт.[3] Демек, аттын Кер Кулун аталышы да анын тулпарлык сапатына төп келишип тургандай мааниге ээ.

Р.Липец аттын сүйлөө мүмкүнчүлүгүн эпосто кадыресе көрүнүш катарында эсептейт.[4] Баатырдын тулпарынын адамча сүйлөшү бул дүйнөлүк, айрыкча, түрк элдеринин баатырдык эпосторундагы эң кеңири тараган традициялык мотив.[5] Жомокто Кер Кулун ээсине насаат айтып, акыл кошот.

Кер Кулундун кубулуучулук, магиялык сапаты бардык вариантта кездешип, бир нече эпизоддо баяндалат. Алсак, боосу жок турумтай болот. Согушта "миң аттын дүбүртүн" чыгарып, душмандын үшүн алат. Баатырдык жомоктордогу аттардын дагы бир өзгөчөлүгү согуш учурунда өзү сыяктуу (сапаттагы) аттар менен кармашышы болот. Буга Кер Кулундун ("Көкүлдө") желмогуздун Боз Коён аты менен кармашышы мисал. Кармаш башка кармаштарга караганда күчтүү жүрүп, баатырлардын күрөшүндө ат чечүүчү ролду аткаргандай ой калтырат. Дегеле көпчүлүк эпикалык чыгармаларда баатырдын тулпары ээсинин душмандарынын аттары менен кармашат. Кер Кулун зымырап учкан күлүк жана адамдай акылдуу кеңешчи гана болбостон,

[1] Кыдырбаева Р.З. Генезис эпоса "Манас". - Фрунзе: Илим, 1980. - С.44.
[2] Липец Р.С. Образы батыра и его коня в тюрко-монгольском эпосе. - М.:Наука, 1984 - С.128.
[3] Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. - Бишкек: Шам, 1999. 376-б.
Орусча-кыргызча сөздүк. - Бишкек:Шам, 2000. - С.315.
[4]Липец Р. Образы батыра и его коня в тюрко-монгольском эпосе. - М.:Наука, 1984. – С.139.
[5]Субанбеков Ж. Кыргыз элинин баатырдык кенже эпосу. - Фрунзе: Кыргызстан, 1963. 124-б.

суудa сүзүүдө да өзүнүн чебердигин көрсөтөт. Ал Кер Кулундун көл түбүнөн кырк кулактуу казанды алып чыгуусунда баяндалат. Архаикалык мүнөздөгү жогорку эпизод башка элдердин эпосторунан да жолугат. Аттын жомок соңундагы кызматы ээси Көкүлгө унут калтырган эли-жерин "үйүрүн сагынбас ат болбос, үйүн сагынбас эр болбос" деп, эске салышында жыйынтыкталат.

**Алтынчы параграфта** баатырлардын жер үстүнө кайтышындагы алп кара куштун орду баатырдык жомоктор үчүн мүнөздүү экендиги далилденди**.** Анткени Көкүлдүн жер үстүнө чыгышы кыргыздын баатырдык жана кереметтүү жөө жомокторунда мүнөздүү салттуу окуялардын түрмөгүн түзөт. Алп кара кушка Көкүлдүн жолугушуусу негизинен кайсы эпикалык чыгармада орун албасын, окшош жагдайда өтүп, окуясы гана эмес, баяндалышы, сүрөттөлүшү боюнча да бирдей. Чынар терекке же мифологиядагы дүйнөлүк даракка байыр алган куштун түпкүлүгүн Л.Я.Штернберг,[1] С.Абрамзон[2] перси тилинен алынган "һuma", "умай" дегенди түшүндүрүп, абадагы уяда же дүйнөлүк даракта жашаган жомоктогу зымырык куш экендигин белгилешет.
Умай куш байыркы адамдардын түшүнүгүндө күндүн ээси жана башкаруучусу болуп эсептелсе керек. Ошондуктан жомокто алп кара куш учуп келерде күн алай-дүлөй болуп, туман түшүп түнөрөт. Ал келип Чынар терекке конгондо күн чайыттай ачылат. Куштун жарыктын, күндүн ээси болгондугунан улам Көкүл ага келип, жер үстүнө чыгарып кой деп кайрылат.

Албетте, жогорудагыдай касиеттерге ээ болгон куштун жаратуучулук күчкө да ээ экендигине байыркы адамдар бекем ишенишкен. Ошондуктан куш баатырды жутуп, улам мурдакысынан күчтүрөөк кылып, өзгөчө касиет жаратат. Дегеле бүркүттүн мындай жаратуучулугу, өлбөстүктү тартуулоосу дүйнөлүк мифологияда Скандинавия, Иран, Индия элдеринин бүркүттөрүнүн мүрөктүн суусун (напиток бессмертия) алып келип беришинде баяндалат.[3] Куштардын баатырларга артыкчылык касиеттерди беришинин артында анын колдоочулугу да жатат. Ал эми куш колдоочу гана эмес адам жанын алып жүрүүчү экенин "Манас" изилдөөчү Р.Сарыпбеков,[4] К.Жумалиев[5] бекемдейт. бекемдейт.

Баатырдык жомоктордогу алп кара куш окуясы башка түрк (көбүнчө Сибирь, Алтай) фольклорунан да учурап, бирдей сүрөттөлүшү окуялык, көркөмдүк жагынан жалпылыгы, өзүнүн мазмундук, образдык системасы боюнча окшоштугу, анын жалпы эле фольклордун тарыхында байыркы экендигин тастыктайт. "Көкүлдө" алп кара куш антропоморфтук белгилерди алып жүрөт. Адамдын тилин түшүнөт, алар менен достошот, жакшылыкка жакшылык кылат. Адамдарга сулуулук, жаштык, күч-кубат берип, өлгөнүн

[1] Штернберг Л.Я. Культ орла у сибирских народов / В кн.: Первобытная религия в свете этнографии. – Л.: Изд-во ин-та народов севера ЦИК СССР, 1936. - С.118
[2] Абрамзон С. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы. - Бишкек: фонд "Сорос-Кыргызстан",1999. 194-б.
[3] Штернберг Л.Я. Жогорудагы эмгекте. 118-б.
[4] Сарыпбеков Р. "Манас" эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы. - Фрунзе: Илим, 1987. 74-б.
[5] Жумалиев К. "Манас" эпосундагы жалпы адамзаттык идеялар. - Бишкек, 1999. 196-б.

тирилте алат. Тобол, бараба версиясында алп кара куштун окуясы кыргыз нускаларындагыдай толук калыптанган эпизодду түзбөйт. Эволюциялык өсүү жолунда кыскарып калышы да ыктымал. Кантсе да,алп кара куштун түрк элинин фольклорунда бирдей мүнөздөмөгө ээ болушу, окуялык окшоштугу, поэтикалык окшош каражаттар менен жабдылышы - ал элдердин диний көз караштарындагы, көркөм ойлоосундагы жалпылыктын белгиси.

**Экинчи бөлүмдүн акыркы параграфында** алп дөөнүн баатырдык жомоктор үчүн мүнөздүүлүгү иликтенди. Кайсы гана элдин баатырдык жомокторун албайлы, сөзсүз оң каармандын каршысында тескери кейипкерлердин жек көрүүчү душмандары турат. Салт боюнча булар - алптар, дөөлөр.

«Көкүл» баатырдык жомогунда баатырдык күрөш Көкүл менен Көр Калдай ортосунда жүрөт. Эки алптын кармашуусу апыртмалуу жагдайда көркөмдүктө баяндалат. Атса ок өтпөйт, чапса кылыч кеспейт. Акырында курал-жараксыз калышса да, күрөш уланат. Бул окуялар кереметтүү жөө жомоктун, баатырдык жомоктун мазмунунан көп учурап, окуясы гана эмес, көркөмдүгү жагынан да калыптанган салттуулукту түзүп, чыгарманын идеясын ачып, кеңейтүүдө чоң роль ойнойт. Биринчиден, элдик баатырдын каршысы алп, сыйкырдуу сапаты, айла-амалы ашкере артык персонаж катарында мүнөздөлөт: кадимки кылыч башын кесе албайт, ага өзүнүн ак болоту гана жарамдуу. Анын жүрөгүн үйдөй таш көтөрө албай быркырайт, ичегисинен кулач жеткис терек өрттөнүп кетет. Бирок баары бир оң каарман тарабынан ажал табат. Мындай ыкманын колдонулушу элдик баатырдын алптык күчүн, ашкере эрдигин арттырып көрсөтүү максатын көздөйт. Бул мотив баатырдык жомоктордо мыйзамдуу орунду ээлейт. Байкоого караганда алптар эпос, жөө жомокторго эрте кирип калыптанган тескери каарманды түзөт. “Көкүлдүн” тобол версиясында, ошондой эле дастанда алптардын аты Темир алп, Чоюн алп деп аталып, атына жараша өзгөчө касиетке ээ. Алар башка душмандардай өлбөйт. Алардын жаны башка жакта катылган, ошого карабастан ажал табат, же дос болуп кызын берет. Бул - чыгармага кирген мифологиялык алгачкы мотив. Кереметтүү жөө жомоктордо жана баатырдык эпостордо элдик баатырдын карама-каршысындагы душмандар көбүнесе дөөлөр болуп саналган. В.Жирмунскийдин[1] тактоосунда дөөлөр тарыхтын байыркы мезгилинде пайда болгон.

Көкүл Тоң вариантында (“Муңдуубай”), “Көчпөсбайда Ак, Кызыл, Көк, Кара дөөлөр менен бир нече күн, бир нече түн кармашып көтөрүп уруп өлтүрөт. “Муңдуубай” жана “Көчпөсбайда” дөөлөр алгачкы мифологиялык белгилеринен ажырап адамдарга жакындаштырылган реалдуу образга айланган. Анда чыгыш жомокторундагы дөөлөрдөй укмуштуудай касиеттер жок.

Көкүлдүн баатырдык эрдигинде гумандуулуктун да орун алышы мифологиялык кейипкер, алтымыш кулач ажыдаарды өлтүрүп, алп кара куштун балапандарын сактап калышында ачык айкындалат. М.Мукасов жер

---

[1] Жирмунский В.М. Введение в изучение “Манас”. – Фрунзе: Кирг.фил. АН СССР, 1948. - С.71.

астынын ээси ажыдаар жөнүндөгү мотивдин унутууга баш коюп, негизги сюжеттик канонго анча таасир эте албай арткы планга жылган көрүнүш катары эсептейт.[1]

«Көкүл» жомогундагы мифологиялык кейипкерлер бул мазмундагы чыгармалардын салттуулугун бузбастан көркөмдүгүн арттырып, чыгарманын башатын аныктап турат.

Ишибизде төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик:

Сибирь версиясы менен кыргыздын "Көкүл" жомогунун ортосунда типологиялык гана эмес, генетикалык жалпылыктын орун алышы иликтөө процессинде далилденди. Ал мазмун, окуя жакындыгында, жанрдык биримдигинде, каарман-кейипкерлердин аталышында ачык көрүнөт. Буга 6-8-кылымдарда Сибирь аймагында жашаган бир канча элдердин (анын ичинде кыргыздардын да) түрк каганатынын составына кирип турушу, аймактык биримдүүлүк, көчүп жүрүү процесси, жашоо тиричилик, тил жакындыгы, шарттуу түрдө негиз болгондугу аныкталды. Өсүү процессинде "Көкүл" кыргыздарда айтылышы алгачкы жөө жомоктун жанрдык чегинен чыгып, баатырдык жомок-архаикалык эпостун деңгээлине көтөрүлүшү, эпикалык чыгарманын дастан сыяктуу жаңы формага өтүп жаңыланышы иште көтөрүлгөн негизги проблеманын катарына кирип, анын тутумунда мифологиялык катмарлануунун орун алышы, архаикалык салттуулуктун сакталышы, баатырдык жомоктун өзгөчөлүгү ж.б. маселелер тобу каралып, ал иликтөө процессинен чыккан тыянак-жыйнактар, теориялык мүнөздөгү жоболор менен коштолду. Баяндоо ыкмасына карата шарттуу түрдө жөө жомок аталган "Муңдуубай" , "Көчпөсбай" жомокторун талдоого алууда аларда баатырдык эпоско таандык архаикалык мүнөздөмөлөрдүн кеңири орун алышы баатырдык эпостун түзүлүшүнө башат болгондугу, экөөнүн тыгыз карым-катышы, биримдиги адабий фактылардын тизмегинде ачык аныкталды. Натыйжада "Көкүл" жомогу өзүнүн мазмун-окуясы, идеялык багыты, жанрдык өзгөчөлүгү, түзүлүш структурасы, каарман-кейипкерлердин мүнөздөлүшү, көркөм каражаттын ыкмалары боюнча толук түрдө баатырдык жомоктун алгачкы үлгүсүн түзгөндүгү белгиленди. Чыгарма коомдун алгачкы баскычындагы адамдардын ай ааламды, дүйнөнү таануу, жаратылыштын жашыруун сырларын ачып, өздөрүнө багынтууга жасаган аракет, умтулуштары алардын көркөм ой түркүмдөрүндө кандайча чагылышкандыгы жөнүндө ачык кабар берет. Дегеле "Көкүлдөн" байыркы кыргыздардын дүйнөнү таануудагы ой туюмдары, диний ишенимдери, үй бүлөө курууга болгон көз карашы, жаратылышка, айбанаттар дүйнөсүнө болгон мамилеси, фантазияга бай көркөм ой жүгүртүүлөрү, кыялдануулары жөнүндө түшүнүк алууга болот. Чыгарма ушунусу менен баалуу. Эл эсинен өчпөй алгачкы салттуу архаикалык окуялардын, көркөм ой жүгүртүүнүн нугунда дастандык формага өтүп, жаңыланып жатышы да ушундан улам болуп саналат. Кыскасы, "Көкүл" - байыркы ата-бабадан калган баалуу

[1] Мукасов М. Эр Төштүк /Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. 3-т. - Бишкек: Шам, 2004. 44-б.

мурас. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында калктын руханий дүйнөсүндө да “Төштүк” менен бир катарда теңдешсиз орунду ээлеп турат.

**Диссертациялык иш боюнча жарык көргөн макалалар:**

1. Жөө жомоктогу салттуулуктун «Көкүлдө» чагылышы // Социальные и гуманитарные науки. – Бишкек, 2005. - № 3. - 90-93-бб.
2. Баатырдык жомоктордун жанрдык өзгөчөлүгү // Социальные и гуманитарные науки. – Бишкек, 2005. - № 3. - 201-204-бб.
3. «Көкүл» жомогунун жыйналышы, жарыяланышы жана таралышы // Эл агартуу. – Бишкек, 2006. - № 5-6. – 42-47-бб.
4. Баатырдын төрөлүшүндөгү архаикалык-мифологиялык катмарлар (“Байыркынын издери бүгүнкү күндө”: К.Жусуповдун 70 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференциянын материалдары) // КУУнун жарчысы. – Серия 1. – Бишкек, 2007. Чыгарылыш 5. - 315-319-бб.
5. «Көкүл» жомогунун түрк элдеринде айтылышы // Известия вузов. – Бишкек, 2007. - № 1-2. - 206-209-бб.
6. «Көкүл» жомогундагы баатырдык үйлөнүүнүн архаикалуу окуялары // Эл агартуу. – Бишкек, 2008. № 9-10. - 37-47-бб.
7. «Көкүлдөгү» космологиялык түшүнүктөр // Адабият жана искусство маселелери. – Бишкек, 2008. - № 1. – 88-94-бб.
8. Мифологиялык кейипкер жез кемпирдин «Көкүлдө» чагылышы // Известия вузов. – Бишкек, 2009. - № 2. – 253-257-бб.
9. Баатырдык жомоктордун оозеки чыгармачылыктагы орду // Известия вузов. – Бишкек, 2009. - № 2 - 188-190-бб.
10. «Көкүлдүн» баатырдык жомок варианты // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2009. - № 4. – 157-160-бб.
11. Баатырдын жер үстүнө кайтышына алп кара куштун орду. // Эл агартуу. – Бишкек.2010, -№ 9-10. - 15-21-бб.

**Мырзажанова Гүлзад Бердибековнанын ““Көкүл» баатырдык жомогундагы архаика-мифологиялык салттуулуктун сакталышы” деген темадагы 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** эпос, баатырдык жомок, типологиялык, генетикалык жалпылык, архаикалык үлгү, жанрдык биримдүүлүк, салттуу мүнөздөмөлөр.

Диссертациялык иште кыргыз элинин «Көкүл» баатырдык жомогу Сибирь версиялары менен салыштырылып, архаика-мифологиялык салттуулуктун сакталышын аныктоого аракет жасалат.

Диссертациялык иш киришүүдөн, эки бөлүмдөн, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

**Биринчи бөлүмдө** «Көкүл» алгач Минусин ойдуңунда жашаган элдерден катталышы менен кыргыз чыгармасын салыштырып иликтөөдө типологиялык жана генетикалык жактан жакындыгы көрүнөт.

Жөө жомоктук “Көчпөсбай” жана “Муңдуубай” варианттарында окуя-мотивдерди баяндоо жагынан жөө жомокко окшош болгону менен баатырдык жомоктун дагы жанрдык белгилерин алып жүргөндүгү белгиленди.

“Көкүл” баатырдык жомогу жанрдык өзгөчөлүгүнө туура келери далилденди.

«Көкүлдүн» дастандык вариантында анын көркөм наркы жана автордук индивидуалдуулуктун сакталышы, стилдик өзгөчөлүгү талдоого алынды.

**Экинчи бөлүмдө** “Көкүл” жомогундагы салттуу архаикалык окуялардын мифологиялык кейипкерлердин баяндалыш өзгөчөлүгү жомоктун бардык варианттарынын жана буга чейинки фольклордогу изилденген изилдөөлөрдүн негизинде талданып, кенен обзор жүргүзүлдү. Каралган материалдар түрк-монгол баатырдык жомокторунда сюжеттин иллюстрацияланган иштелмесин түзөт.

**Корутундуда** «Көкүл» жомогунун каралган варианттары арасындагы архаикалык окуялар, мифологиялык кейипкерлер элдик оозеки чыгармачылыктын туруктуу салттуу формасы экендиги далилденди. «Көкүл» жомогу өзүнүн байыркыдан бери калыптаныш жолунда эки башка аймакта жаралып, кыргыз элинде өзүнүн өмүрүнүн узактыгында дастанга чейинки формага жеткирилгендиги туруктуу фольклордук форма экендиги далилденди.

# РЕЗЮМЕ

**диссертационной работы Мырзажановой Гулзад Бердибековны на тему: «Сохранение архаико-мифологической традиции в богатырской сказке «Кокуль» на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.09 – фольклористика**

**Ключевые слова:** эпос, богатырская сказка, генетическая общность, архаические образцы, жанровое единообразие, традиционная характерность.

В работе впервые в кыргызской фольклористике проводится сопоставительный анализ «Кокул» с вариантами, существующими у народов Сибири, с целью выявления генезиса произведения.

Диссертационная работа состоит из введения, двух глав, заключения и библиографии.

**В первой главе** наряду с версиями, зафиксированными в Минусинской котловине, анализируются и сказочные варианты “Кокуль.” Выявлена их типологическая, а также генетическая схожесть.

Сказочные варианты “Көчпөсбай”, “Мундуубай” схожи с волшебными сказками в способах повествования событий и обладают всеми признаками богатырской сказки.

Доказано соответствие прозведения “Кокул” жанровой особенности богатырской сказки.

В работе также анализируются художественная ценность, авторская индивидуальность и стилевые особенности дастанного варианта «Кокуль».

**Во второй главе** проведена обзорная работа по выявлению архаических сюжетов, мифических персонажей, делается попытка рассмотреть это через призму изучения предыдущих исследований и практических выводов, бытовавших в национальной фольклористике. Изученные материалы являются иллюстрированной разработкой тюрко-монгольских сказочных сюжетов

**В заключении** подытоживается проделанная работа. Таким образом, прослеживая эволюцию вариантов эпоса, сделана попытка определить традиционную форму бытования в архаических событиях мифических героев, их место и значение в фольклоре, тем самым, показано что «Кокул» по своему происхождению и функции, является традиционной фольклорной формой.

## SUMMARY

**of Myrzazhanova Gylzad Berdibekovna thesis on the theme: «Maintainance of archaico – mythical tradition in heroic tale Kokul» presented for a cand. philological science degree in specialty 10.01.09.**

Key words: epos, heroic tale, typology, genetic community, archaic samples, genre uniformity, traditional characteristics.

For the first time in kyrgyz folk-lore comparative analysis of Kokul and Siberian people variants is carried out to reveal this genesis of this work. The thesis consists of introduction, two chapters, conclusion and bibliography.

**The first chapter** analyses tale versions of Kokul fixed in Minusinsk circular valley and their united genre bases with kyrgyz epos variant are found.

Tale variants of “Kochposbai”, “Munduubai” are similar with fairy tales in narration methods of events and have all signs of heroic tale.

It is proved the correspondence of Kokul to genre peculiarity of heroic tale. The art value, author individuality and style peculiarities of Kokul variant are analysed in this work.

**In the second chapter** the survey of archaic topics, mythic characters is carried out, the attempt is made to examine it through the light of previous investigations study and practical conclusions, existing in national folklore. Investigated materials are the illustrated working out of Turkish-mongol tale topics.

**In conclusion** the accomplished work is summed up.

Tracing the evolution of epos variants we made the attempt to define traditional form of existing mythical heroes in archaic events their place and importance in folklore, nevertheless Kokul is the traditional folklore form by its origin and function.